КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНДУК
МАМЛЕКЕТТИК
АДМИНИСТРАЦИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКАЯ РАЙОННАЯ
ГОСУДАРСТВЕННАЯ
АДМИНИСТРАЦИЯ

# БУЙРУК
# РАСПОРЯЖЕНИЯ

_________ 2024-жыл №_____ **Казарман а.**

**2025-2030 – жылдарга Тогуз-Торо районунун аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 7-беренесинин 4-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы ПЖ №137 "2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө" Жарлыгынын негизинде, коррупцияга каршы аракеттенүүнү күчөтүү, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан коррупциянын алдын алуу натыйжалуу механизмдерин колдонуу, ошондой эле коррупцияны минималдаштыруу боюнча туруктуу натыйжаларга жетүүгө багытталган чаралардын комплексин системалуу негизде ишке ашыруу максатында, **буйрук кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы ПЖ №137 Жарлыгы менен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегиясы кынтыксыз аткарууга алынсын.

**2.** 2025-2030-жылдарга Тогуз-Торо районунун аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу жөнүндө иш-чаралардын планы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Тогуз-Торо районунун аймагындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

- 2025-2030-жылдарга Тогуз-Торо районунун аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу жөнүндө иш-чаралардын планын аткарууга алышсын;
- 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаранын пландарынын аткарылышы тууралуу Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрациясына 2025-жылдан тартып ар квартал сайын маалымат берип турушсун.

**4.** Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрация башчысынын биринчи орун басары Т.Арун уулуна жүктөлсүн.

**Администрация башчысы-аким** **М.М.Мураталиев**

Макулдашылды

Т.Арун уулу

Т.Т.Салиманов

Ч.Ж.Маметкулов

К.К.Жаналиев